Кыргыз Республикасынын шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын төрагасы
Н.К. Шайлдабековага

Сузак районундагы Кызыл-Туу
айылдык кеңешинин депутаттарынан
(0773444185 0779547787)

**Арыз.**

Өзүңүзгө белгилүү болгондой 2021-жылдын 4-июнунда Сузак районундагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордуна шайлоо өткөрүлдү.

Бирок шайлоого катышкан депутаттар тарабынан шайлоо бюллетендерине шайлагандыгы жөнүндө галочкадан тышкары ар кандай кошумча белгилер (меткалар) коюлгандыгына жана шайлоо процессинин мыйзамдуулугу сакталбай шайлоо бюллетендеринин эсептелиши боюнча дагы күмөн санообуз болгондуктан Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордуна өткөрүлгөн шайлоодогу шайлоо бюллетендерин Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарынын катышуусунда кайталап эсептелинишин жана шайлоо бюллетендерине шайлагандыгы жөнүндө галочкадан тышкары ар кандай кошумча белгилер (меткалар) коюлган бюллетендерди жараксыз деп табууга мыйзам чегинде чара көрүп берүүсүн өтүнүп, 2021-жылдын 5-июнунда Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Кыргызбаевге арыз бергенибизде, М. Кыргызбаев бюллетендерди Бишкек шаарына такси аркылуу БШКга жөнөтүп жибергендигин айтты.

Биз болсо арызды тапшыргандан кийин түшкү тамактанууга кеттик. Тамактануу учурунда М.Кыргызбаевдин Бишкек шаарына бюллетендерди жөнөтүп жибергендигине шек санап, өзүбүзгө тааныш болгон 2 жаран менен телефон аркылуу сүйлөшүп, Сузак АШКнын имаратына жөнөткөнбүз. Ал 2 жаран Сузак АШКнын имаратына барганда башка бир кабинеттин ичинен М.Кыргызбаев жана айыл өкмөт башчылыгына талапкерлигин коюп, мыйзамсыз шайлоону уюштурган Омурзаков Майсал Чокмокович экөө ичинен кулптап алып, жашыруун сүйлөшүп жатышкандыгын угушуп, кабинетти токтоосуз ачуусун талап кылышат.

М. Кыргызбаев жана М. Омурзаков кабинетти ачышканда шайлоо бюллетендерин столдун үстүнө коюп алышып, М.Омурзаковдун колунда кармап жүргөн бюллетендерин көрүп калышып, фалсификация кылып жаткандыктарын түшүнүшүп, аталган 2 жаран телефондору менен далил катары тартып алышып, бизге телефон аркылуу чалышканда биз кайрадан Сузак АШКнын имаратына келип, мыйзамсыз ишке күбө болдук.

Андан кийин Сузак райондук ички иштер бөлүмүнө телефон аркылуу маалымдалгандыктан Сузак РИИБнин кызматкерлери келишип, бюллетендер фалсификация болгон кабинетти жаап салышып, бюллетендерди Сузак РИИБне

иликтөө үчүн алып кетишти. Сузак АШКнын башчысы М.Кыргызбаев жана күбө болгон депутаттар, 2 жаран Сузак РИИБне тиешелүү көрсөтмөлөрдү бердик.

Ошого байланыштуу шайлоону мыйзамсыз уюштуруу менен шайлоо бюллетендерине шайлагандыгы жөнүндө галочкадан тышкары ар кандай кошумча белгилердин (меткалар) коюлгандыгына жана айыл өкмөт башчылыгына талапкер болгон Омурзаков Майсал Чокмоковичтин шайлоо бюллетендерин мыйзамсыз ачтырып, шайлоону бурмалагандыгы үчүн 2021-жылдын 4-июнунда Сузак районундагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы кызмат ордуна өткөрүлгөн шайлоонун жокко чыгарылышын жана мыйзамсыз шайлоону уюштурган талапкер Омурзаков Майсал Чокмоковичти биротоло шайлоо процессинен четтетүүнү суранабыз.

**Сузак районундагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттары:**

1 Арзаматов Эркинбек
2 Тагаева Уланкө
3. Алимов Нынкалип

09.06.2021-ж.